**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**

**ТАЛАС ОБЛУСУ**
**БАКАЙ-АТА РАЙОНУ**
**БОО-ТЕРЕК АЙЫЛДЫК АЙМАГЫНЫН**
**БОО-ТЕРЕК АЙЫЛДЫК КЕНЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**

**ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ**
**БАКАЙ-АТИНСКИЙ РАЙОН**
**БОО-ТЕРЕКСКИЙ АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**
**БОО-ТЕРЕКСКОГО АЙЫЛНОГО АЙМАКА**

---

# ТОКТОМ
# ПОСТАНОВЛЕНИЕ

**9.02.2023-ж. №4.** **Боо-Терек айылы.**

**Боо-Терек айыл өкмөтүнүн, коңшу айылдык аймактар менен чектешкен чек-араларын, КР Жайыт жөнүндө Мыйзамынын 3-беренсинин негизинде тактоо жөнүндө**

Боо-Терек айыл өкмөтүнүн, коңшу айылдык аймактар менен чектешкен чек-араларында жаралып жаткан талаш тартыштарды жөнгө салуу максатында, КР Жайыт жөнүндө Мыйзамынын 3-беренсинин негизинде тактоо жөнүндө маалыматтарды угуп, талкуулап, Боо-Терек айылдык жергиликтүү өз алдынча башкаруу Кеңешинин XXXII чакырылышындагы депутаттардын XXII сессиясы

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Боо-Терек айыл өкмөтүнүн, коңшу айылдык аймактар менен чектешкен чек-араларында жаралып жаткан талаш тартыштарды жөнгө салуу максатында, КР Жайыт жөнүндө Мыйзамынын 3-беренсинин негизинде, мурунку колхоздордун аймактык чектеринде, жаңыдан тактоо иштери жүргүзүлсүн. 1993-1995-жылдары таркап кеткен колхоздордун карталары архивдерден суралып ж.б.у.с мекеме-уюмдардан такталып, чектер аныкталып, коңшу айыл аймактарга өтүп кеткен тиешелүү жерлерди кайтарып алуу маселеси колго алынсын.
2. Токтомдун аткарылышын камсыз кылуу максатында Боо-Терек айыл өкмөтүнүн башчысы Жайыт комитетинин төрагасы менен биргеликте иш алып барсын.
3. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагын өзүмө калтырамын.

**Төрага** **А. Мамыралиев**